РЕСУРСНЫЙ ЦЕНТР
ДЛЯ ПОЖИЛЫХ
ОБЩЕСТВЕННОЕ ОБЪЕДИНЕНИЕ

## УЛГАЙГАН АДАМДАРГА КАРАТА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК

## МААЛЫМАТТАР ЖАНА КЕҢЕШТЕР

**Улгайган адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук** улгайган адамга жакын адамдары – өз балдары же туугандары тарабынан жаман мамиле жасалып, азап-кайгы тарттырганда болот.

### Үй-бүлөдөгү зомбулукту кантип таанууга болот?

Эгер кимдир бирөө сизди уруп же орой мамиле жасап, физикалык жактан жабыркатса, анда **бул зөөкүрлүк зомбулук.**

Эгерде сиз өз дарегиңизге таарынткан, мазактаган, коркуткан ачуу сөздөрду уксаңыз, жалган айыптоолор болсо, анда **бул психологиялык зомбулук.**

Эгер кимдир бирөө сиздин акчаңызды алса же чыгымдарыңызды көзөмөлдөсө, сиздин макулдугуңузсуз үйүңүздөн ажыратса, мурасты же башка документтерди өзгөртүүгө мажбурласа, анда **бул экономикалык зомбулук.**

Эгер сизди жыныстык катнашка барууга мажбурлашса – **бул сексуалдык зомбулук.**

Эгерде сизге кам көргөн адам сизди дайыма тамак-ашсыз жана дары-дармексиз жалгыз калтырса – **бул кайдыгерлик**, бул дагы зомбулуктун бир түрү болуп эсептелет.

**ЭСИҢЕРДЕ БОЛСУН, БИР ДАГЫ АДАМ АР КАНДАЙ ЗОМБУЛУККА ДУУШАР БОЛУП, КОРКУНУЧТА ЖАШАБАШЫ КЕРЕК!**

### СИЗ МУНУ БИЛИШИҢИЗ КЕРЕК:

- ✓ **СИЗ** зомбулукка күнөөлүү эмессиз!

- ✓ **СИЗ** жашооңузду өзүңүз көзөмөлдөөгө жана өз алдынча чечим чыгарууга укугуңуз бар
- ✓ **СИЗ** жалгыз эмессиз. Сизге зомбулук менен күрөшүүгө жардам беришет!

## Зордук-зомбулук болгон учурда эмне кылуу керек?

- ✓ Зомбулук жөнүндө сиз ишенген адамга айтыңыз. Ал адам балким сиздин досуңуз, кошунаңыз, жергиликтүү дарыгериңиз, социалдык кызматкер болушу мүмкүн.
- ✓ Ишеним телефонуна чалыңыз.
- ✓ Кеңеш алууга мүмкүн болгон кризистик борборго барыңыз.
- ✓ Укук коргоо органдарына кайрылыңыз.

## Үй-бүлөлүк зомбулук учурунда колдоо кызматтары үчүн байланыштар

**Шашылыш жардам кызматы – 112**

**Кризистик борборлордун телефондору**

«Аялзат» муниципалдык борбору, Бишкек шаары – 0312 65 37 38, 0707 65 37 38

«Шанс» кризистик борбору, Бишкек шаары – 0709 71 03 20, 0555 90 06 98

«Сезим» кризистик борбору, Бишкек шаары – 0312 51 26 40, 0501 51 26 40

«Ак-Жүрөк» кризистик борбору, Ош – 0322 4 59 76, 0550 23 13 29, 0779 23 13 29

«Аруулан» кризистик борбору, Ош – 03222 5 56 08, 0557 77 74, 050557 77 74 05

«Мээрбан» кризистик борбору, Ош – 0773 84 34 61

Алай районундагы «Акылкарачач» кризистик борбору – 0555 28 14 23; Гүлчө айылы - 0776 28 14 23

«Энсан Диамонд» кризистик борбору, Ош шаары – 03222 2 29 65, 0772 32 89 60, 0552 13 15 07

«Маана» кризистик борбору, Талас – 0557 48 47 13

«Теңдеш» кризистик борбору, Нарын – 0700 25 78 90, 0708 74 72 74, 0556 21 85 84

«Каниет» кризистик борбору, Жалал-Абад – 03722 2 23 03, 0774 85 52 27, 0550 75 77 72

«Аялзат» кризистик борбору, Каракол – 03922 5 10 91, 0553 83 57 17

«Алтынай» кризистик борбору, Чолпон-Ата – 0706 30 98 86, 0550 10 30 88

«Мээрман» кризистик борбору, Каракол – 0706 38 36 37

«Бактылуу эне» кризистик борбору, Каракол – 0702 74 89 28